«Жактырылды»

ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши

токтом № 8

«18» 06 2021-ж.

«Бекитемин»

ЖАМУнун ректору

К.Ж.Усенов

«21» 06 2021-ж.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин «Дене тарбия» адистигине тапшырган талапкерлердин кирүү сынактарын уюштуруу жана аларды студенттикке каттоо боюнча**

**ЖОБО**

1. Кирүү сынактары, жеңилдиктер

Кирүү сынактарын ректордун буйругу менен атайын түзүлгөн комиссия кабыл алат. Жалпы орто билим берүү программасынын негизинде кабыл алуу сынактары төмөндөгү сабактар боюнча жүргүзүлөт.

- Тандап алган спорттун түрү жана жалпы дене тарбиялык даярдыгы боюнча сынак;
- Биология сабагынан (тестирлөө)
- Кыргыз же орус тили сабагынан (тестирлөө)

Спорттун чеберлери, спорттун чеберлигине кандидаттар, облустун чемпиондору жана андан жогорку спорттук даражасы барлар, республикалык тестирлөөгө катышып, баллы 110дон жогору балл алган талапкерлер кирүү сынактарынын тиешелүү сабактарынан бошотулат жана аларга аңгемелешүү жүргүзүлөт.

Спорттун чеберлери, облустун чемпиондору жана андан жогорку спорттук даражасы барлар, республикалык тестирлөөгө катышпаган талапкерлер тандап алган спорттун түрү жана жалпы дене тарбиялык даярдыгы боюнча атайын сынактан бошотулат да аңгемелешүү жүргүзүлөт ал эми биология жана тилден тестирлөө сынагын тапшырышат.

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышып, баллы 110дон жогору балл алып, бирок эч кандай даражалары жок талапкерлер биология жана тилден тестирлөөдөн бошотулат, тандап алган спорттун түрү жана жалпы дене тарбиялык даярдыгы боюнча атайын сынактан өтүшөт.

Талапкерлерди кабыл алуу жалпы экзамендик сынактын түрлөрүнөн көрсөткөн тапшыруу жыйынтыгы боюнча конкурстун негизинде жүргүзүлөт.

2. Кирүү сынактарын баалоо критерийлери:

2.1. Тандап алган спорттун түрү:

А) Спорттун түрү боюнча 7-30 баллга чейин;

Б) Кыргыз же орус тилинен 7-30 баллга чейин;

В) Биология сабагынан 7-30 баллга чейин.

2.2. Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча сертификаттын баллына карай төмөндөгүдөй бааланат:

110-140 баллга-7 балл берилет;

141-174 баллга-14 балл берилет;

175-220 баллга-28 балл берилет.

Эң жогорку чеги 30 балл эгерде 221 баллдан жогору болсо.

«ЖЕҢИЛ АТЛЕТИКА»

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 100 м ге жүгүрүү | 2 жолу | 13.0 | 13.3 | 13.5 | 14.0 |
| 2 | 1000 м ге жүгүрүү | 1 жолу | 3.08 | 3.12 | 3.16 | 3.17 |
| 3 | 2000 м ге жүгүрүү | 1 жолу | 6.32 | 6.52 | 7.2 | 7.34 |
| 4 | 3000 м ге жүгүрүү | 1 жолу | 10.0 | 10.13 | 11.0 | 11.08 |
| 5 | Узундукка секирүү | 3 жолу | 5.70 | 5.45 | 5.20 | 5.00 |
| 6 | Бийиктикке секирүү | 3 жолу | 1.50 | 1.40 | 1.35 | төмөн |

`«БОКС»

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Стойкадан мостко туруу | | Эң жакшы тез | Жакшы | Орто жакшы | Начар |
| 2 | Техникалык жактан өз алдынча иштөө ыкмалары | 1 жолу | Эң жакшы тез тех. ыкма | Жакшы тех. ыкма | Орто жакшы тех ыкма | Начар |
| 3 | «Партнер» менен ыкмага иштөө | 3 мин 1 жолу | Эң жакшы тез | Жакшы | Орто жакшы | Начар |
| 4 | Көрсөтмө менен чабуул ыкмаларга өтүү | Көрсөтмө менен | Эң жакшы тез тех. ыкма | Жакшы тех. ыкма | Орто жакшы тех ыкма | Начар |

«Дене тарбия жана спорт» кафедрасынын усулдук кеңешмесинде каралып №___ «___» ________ 2021-жылы бекитилген.

Даярдаган, кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: С.Ж.Куваков